**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде "Жашы жете элек өспүрүм балдардын зордук-зомбулукка кабылып калуусунун алдын алуу" боюнча өткөрүлгөн ата-энелер жыйынынын протоколу**

Шамалды-Сай шаарчасы
15.03.2022-жыл

**Катышты:**

1. Шамалды –Сай аймактык башкармалыгынын башкы адиси: С.К.Айдарбекова
2. Шамалды-Сай аймактык аксакалдар кеңешинин төрөгасы: К.Дооронкулов
3. Шамалды - Сай аймактык АМБнун улук МУУйы милициянын майору И.Закиров
4. Милиция бөлүмүнүн БИИ инспектору кенже лейтенант А.С.Каратаева
5. 20 мугалим, 280 ата-эне

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн зордук –зомбулукка кабылып калуусунун алдын алуу.

Мектеп директору Ч. Т Джанышбаева чогулуштун катышуучуларын коноктор жана күн тартибиндеги маселе менен тааныштырды.

Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, сиздерди бүгүнкү чакырган максатыбыз бүгүнкү жыйында" Жашы жете элек балдардын арасындагы зордук –зомбулуктун алдын алуу" максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.Азыркы учурда ата-энелердин көбү, айрыкча жаштар эмгектенгени чет жакка кетип жатышат ошонун эсебинен жаш балдар зордук-зомбулукка кабылып калып жатышат. Бала үчүн, эне үчүн шартты ата түзүп бериш керек деп ойлойм Бирөөнүн колунда калган бала эненин мээриминен куру калат .Өзгөчө зордук –зомбулукка кичине жаш балдардын кабылып калганы жарык дүйнө менен кош айтканы өкүндүрөт.Ар кандай жагымсыз нерседен баланы коргоо ата-эненин милдети деп ойлойм.

Биз сентябрда өткөргөн ата-энелер чогулушунда токтом кабыл алганбыз. Саат $14^{00}$дөн кийин окуучуну көзөмөлдөө ата-энenin милдети. Кышкы убакытта кечкисин $20^{00}$го чейин жайында $22^{00}$го чейин деп киргизгенбиз.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Шамалды-Сай АМБнун улук МУУйы милициянын майору Закиров Исмаил –** Урматтуу ата-энелер, мугалимдер бүгүнкү жыйындын максаты жашы жете элек балдарды зордук-зомбулуктан коргоо. Окуучу 1 сутканын ичинде 6 саат мектептин карамагында болсо, 18 саат ата-эненин карамагында. Балдардын кыздардын соц.тармакта отуруп өзү жөнүндөгү маалыматтарды жүктөп коюусу зордук-зомбулукка кабылып калуусуна шарт түзүп жатат .

**Шамалды-Сай аймактык аксакалдар кеңешинин төрагасы Дооронкулов К:** Саламатсыңарбы ата-энелер, мугалимдер биз мектепте окуп жүргөн учурубузда мугалимдерден коркчубуз. Азыркы учурда окуучулар мугалимдерди сыйлабайт, укпайт мунун баарына ата-эне күнөөлүү деп ойлойм. Ата-эне балага үйдө айтыш керек "мугалимге каяша сүйлөбө сабакта тынч олтур, сабакты оку" деп.

Азыркы ата-энелерде жоопкерчилик жок, тиричилик деп балдарды карабай коюшту балдар үйүндө өздөрү калып ,кошуналарына да дайындап кетип жатышат.Үйдөн балдарга мектепте, көчөдө, коомдук жайларда кандай жүрүш керек экендигин ата-эне үйрөтүш керек.

**Шамалды-Сай аймактык башкармалыгынын башкы адиси С.Айдарбекова:** Саламатсыздарбы Шамалды-Сай шаарчасынын тургундары, азыркы отургандар менин билишимче чоң-ата, чоң-эне, таята, таене, агалар да олтурушат. Биз бала деп жашайт экенбиз балдар биздин келечегибиз. Балдар жакшынакай өссө үйдө силер кубанасыңар, мектепте мугалимдер, айыл өкмөттө биз кубанабыз.

**№ 10 мектептин соц педагогу А . С Алибаева:**

Азыркы учурда биздин мектепте миграциядагы ата- энелер 103. Үй –бүлөлөрдүн жашоо шартын изилдеп барган учурда ата-энени таппайм.Бирөөгө дайындап кетишет таежеси , женеси, кээде кошуналарга. Балдар биздин келечегибиз, жашынан эле балдар эне мээримин көрбөсө эненин тарбиясын албаса ошол эле балдар чоңойгондо кандай болорун өзүңүздөр деле сезип жатасыздар Окуучулардын арасында укук бузуулар түнкү саат 01:00 – 02:00до болуп жатат. Ата – энелер балдарды жакшы көзөмөлдөбөй жатасыздар. Бизге ИДН, аймактык башкармалык, үй – бүлөлүк дарыгерлер тобу жардам берип келүүдө. Алар менен биргеликте иш чараларды өткөрүп келүүдөбүз. Кооптуу үй – бүлөлөргө соц. кызматкерлер менен бирдикте барып изилдөө иштерин жүргүздүк. Ошондуктан урматтуу ата – энелер балдарыңыздарга кайдыгер болбоңуздар.

**Жыйын чечим кабыл алат:**

1. Зордук-зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо боюнча класстык сааттар, тарбиялык сабактар өтүлүп, түшүндүрүү иштеринин үстүндө класс жетекчилер үзгүлтүксүз иш алып барышсын.
2. Балдардын бош убактарын туура пайдалануу жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.
3. Мектептен кийинки убакта ар бир ата-энеге баласын көзөмөлдөө жагы күчөтүлсүн зордук-зомбулуктун алдын алуу менен бирдикте түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

Жыйындын төрайымы: Ч.Т Джанышбаева

Катчы: Г. И. Төкөнова

## №10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде "Кылмыштуулуктун алдын алуу"," Жашы жете элек балдардын арасындагы зордук-зомбулуктун алдын алуу" боюнча өткөрүлгөн жыйындын протоколу

Шамалды-Сай шаарчасы
17.02.2022-жыл

**Катышкандар:**

1. Шамалды-Сай аймактык ички иштер бөлүмүнүн жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө инспектору, милициянын кенже лейтенанты Каратаева А.
2. Шамалды-Сай аймактык "Үй- бүлө жана балдарды коргоо" бөлүмүнүн адиси Г.О. Текеева
3. Класс жетекчилер жана 5-11-класстын окуучулары.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. Ар кандай кылмыштуулуктардын алдын алуу жана болтурбоо жана жашы жете элек балдардын зордук-зомбулукка кабылып калуусунун алдын алуу.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги маселе боюнча Шамалды-Сай аймактык милиция бөлүмүнүн жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө инспектору А.Каратаева сөз сүйлөдү:

Саламатсыңарбы, урматтуу окуучулар, бүгүнкү жыйындын максаты кылмыштуулуктардын алдын алуу жана жашы жете элек балдарга жасалган зордук зомбулуктун алдын алуу.Кээде окуучулар билбестен кылмыштарды жасап жатат. Ошондуктан биз жоопко тартылбайбыз деп ойлобошуңар керек. Кылган кылмышыбыз эч качан көмүскөдө калбайт. Кылган бүгүнкү кичине катабыз, эртеңки чоң кылмышка алып барышы мүмкүн. Ошондуктан жакшы адам болгубуз келсе, баарын бүгүнкүдөн башташыбыз керек. Азыр мамлекеттин мыйзамы боюнча жаш өспүрүмдөрдөн окуу гана талап кылынат. Ошондуктан окуучулар дайыма түз багытта жүргүлө, башка эч нерсе талап кылбайбыз. Бүгүнкү күндөн баштап, кечки 22:00дон кийин рейд жүргүзүлөт. Өзгөчө көзөмөлдө турган окуучуларды участкалык инспекторлор күндө өздөрү көзөмөлдөп турушат. Ошондуктан наркомания, токсикомания кылмыштуулуктарын алдын алуу боюнча өзгөчө көзөмөл жүргүзүлөт. Түндө көчөгө чыкканга акыңар жок. Милициянын көзөмөлүнө түшүп калсаңар, чет мамлекеттеби, каяка барбагыла, текшергенде тизмеден чыгып каласыңар. Жакшы жумуштарга кире албайсыңар. Тактамасыз албайт. Жеңил ойлуулук кылып, туура эмес жасалган кадамыбыз жашообузга балта чабат. Кылган ишибиздин кесепети өзүбүзгө эле эмес, жакындарыбызга да залакасын тийгизет. Ошондуктан урматтуу окуучулар силер жашсыңар, коомдо уурулук болбош үчүн, баарын бүгүнтөн баштагыла. Биздин максатыбыз окуучуларыбыз шаарчабыздын атын алыска "жакшы, сыймыктана турган ат менен таанытышыңарды" каалайбыз.Зордук –зомбулукка кабылып калбаш үчүн өзүнөр жөнүндөгү маалыматтарды соц тармакка жүктөбөгүлө жана кыздар,айрыкча тааныш адамдар да азыркы учурда кылмыш жасап жатат этият болгула.

**Шамалды-Сай аймактык Үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Г.О.Текеева:**

Биз, силерге эскертүү бердик. Кечки саат 22:00дон кийин ата – энеңердин жанында, үйүңөрдө отургула. Өзүбүздү өзүбүз тарбиялап, чөйрөбүздү туура тандашыбыз керек. Азыркы система автоматташтырылган.

Үйүңөрдөн, кошуналарыңардан, жогорку класстын окуучуларынан зордук – зомбулук көрсөтүлүп жатса, бизге, мектептин соц. педагогуна сөзсүз кайрылгыла. Бул нерсеге да өзүнчө мыйзам каралган. Зордук – зомбулукту жаап жашырбай, сөзсүз бизге кайрылсаңар болот

**№ 10 мектептин уюштуруучусу Б. Б.Камчыбекова:**

Мурда уурулук жумуртка уурдоодон башталса, азыр машинанын аккумуляторун уурдоодон, магазин тоноодон башталууда. Балдар кылмыштуулук кылса, ата – энелердин, мугалимдердин көйгөйү болуп жатат. Өкүнүчтүүсү кээ бир ата – энелерге чалсаң телефондорун албай баласына көңүл бурбагандары да бар жана ата – энелер кайдыгер карашат. Азыр чыккан мыйзамдар жакшы болуптур. Жети өлчөп бир кескиле. Учётко турдум, эч нерсе болбойт деп ойлобогула, ал өмүр бою дак болуп калат. Кудук – Сайдан келген окуучулар көп, ошого жол эрежесин сактап, эжекелер мектепке чейин схемасын чийдиришкен. Биз буга чейин компьютер эмне экенин билген эмеспиз. Азыр массалык маалымат каражаттары аркылуу силерге ар кандай маалыматтар берилет. Зордук –зомбулук боюнча көп эле маалыматтар берилип жатат, кайдыгер болбостон айлана чөйрөдөгү нерселерге көңүл буруп , зордук –зомбулук болгон учурда маалыматты бергиле

**№ 10 мектептин соц. педагогу А. С. Алибаева:**

Жашы жете элек балдардын зордук-зомбулукка кабылуусу , кылмыштуулук, айрыкча жаш өспүрүмдөрдүн арасында көп учурап жатат . Кылмыштуулук, зордук – зомбулук кечки убакта ээн жерлерде болот Тааныш эмес адамдар менен байланыштан,сүйлөшүүдөн өтө этият болгула. Кылмышкер адам биринчи кезекте силер жөнүндө маалыматты топтойт силерди жакшы билген адам да болушу мүмкүн. 101 ишеним телефондоруна байланышып зордук –зомбулук,рэкетчилик боюнча мектептеги ишеним кутусуна да билдирүү калтырсаңар болот.

**Жыйын чечим кабыл алат:**

1.1. Мектеп класс жетекчилерине саат 14:00го чейин окуучуларды көзөмөлдөө жагы милдеттендирилсин жана жашы жете элек балдардын арасында зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн, ата-энелерге да чогулуштар өткөрүлүп маалыматтар берилсин

1.2. Саат 14:00дон кийин окуучуларды көзөмөлдөө жагы ата – энелерине милдеттендирилсин.

Жыйындын төрайымы: Ч.Т. Джанышбаева

Катчы: Г.И. Төкөнова